

# «ЖЕКЕ ТУРАК ЖАЙДЫ КУРУУ» МЕХАНИЗМИ

«МАМЛЕКЕТТИК ИПОТЕКАЛЫК КОМПАНИЯ» ААК

# Кимге арналган

«Жеке турак жайды куруу» механизми КРын жер тилкеси бар жарандарына кийинки максаттар үчүн арналат:

**турак жайды башынан баштап куруу үчүн**



**бүтө элек турак жайды бүтүрүү үчүн**



# Жарандарды тандоо критерийлери

Курагы 21 жаштан жогору жана ипотекалык насыянын акыркы суммасын төлөгөн учурда жашы 65 болуу тийиш

Катышуучунун, катышуучунун күйөөсүндө (аялында) жана катышуучунун жашы жете элек балдарында, жеке турак жайынын жоктугу жана катышууга арыз берген күнгө чейин акыркы 3 жылдын ичинде турак жайга байланыштуу кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу

Катышуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгү

# Насыя алуунун шарттары

## Насыянын мөөнөттөрү:

- 15 жылга чейин;
- курулуштун максималдуу мөөнөтү 18 айдан жогору болбоого тийиш.

## Насыянын суммасы:

- 3 000 000 сомго чейин.

## Пайыздык чендер:

- курулуш мөөнөтүнө карата  пайыздык чен жылдык 12 %;
- курулуш иштери бүткөндөн кийин  пайыздык чен жылдык  8 %.

# Насыя берүүнүн шарттары

| | |
|---|---|
| 1 транш | • Пайдубалды куюу |
| 2 транш | • Дубалды көтөрү |
| 3 транш | • Чатырды жабуу жана жер тактайды кагуу |
| 4 транш | • Ички жана тышкы жасалгалоо |

Насыя этап (траншдар) менен берилет.

Курулуш мөөнөтүнө карата катышуучуга насыя линиясы ачылат, ар бир курулуш этаптын аягында өнөктөш-банктын кызматкерлери тарабынан этаптын аякташы боюнча документтер ырасталат.

# Керектүү документтер

**Долбоор**: долбоор (проект) (типтүү же жекече) мамлекеттик архитектура органдарында  белгиленген тартипте  макулдашылган жана бекитилген болууга тийиш.

**Смета**: смета курулуштун ар бир этабындагы  бардык иштердин жана материалдардын  наркы тууралуу кеңири маалыматтарды камтып туруууга тийиш, смета түзүүгө тиешелүү уруксат берген документтери бар курулуш уюм же жеке ишкер тарабынан түзүлүүгө тийиш.

**Курулуш аякташы боюнча документтер:** курулуш иштери аяктагандан кийин турак жай колдоого кабыл алынат жана жергиликтүү  мамлекеттик органдарда катталат.

# Өздүк салым

**Жеке турак жайдын курулуш сметалык наркынын  суммасынан 20% кем болбоого тийиш .**

Өздүк салым эсебине кийинки чыгашалар кабыл алынат:

- турак жайдын доолбоорун түзүү кызматына кеткен төлөм;
- курулуш сметасын түзүү кызматына кеткен төлөм;
- катышуучунун өз эсебинен сатып алынган курулуш материалдары;
- бүтө элек үйдүн курулушуна  жумшалган чыгашалар.

**Чыгашалар милдеттүү түрдө документтер (квитанциялар, чектер ж.б .) менен тастыкталууга тийиш.**

**<u>Өздүк салым жок болгон учурда, кошумча күрөө берилишине жол берилет.</u>**

# Өзүнүн турак жайын куруу үчүн 4 кадам

1 «ЖТЖ 2015-2020» Программасына катышуу үчүн ЖМАга документтерди тапшыруу

2 Катышууну ырастоо жана турак жайдын долбоору менен курулуш сметасын даярдоо

3 Өнөктөш-банкка төлөө жөндөмдүүлүгүн талдоо үчүн кайрылуу

4 Турак жайды курууга ипотекалык насыя алуу

Кошумча суроолор менен кийинки байланыштарга кайрылсаңыздар болот:

(312) 62-14-34, 66-37-47.

www.gik.kg

Өзүңдүн үйүндө жашоо убакыты!